**Ош мамлекеттик университетинин окуу-методикалык кеңешинин кезектеги жыйынынын № 9 протоколу**

**2025-ж. 28.05.** **Ош шаары**

Төраганын орун басары – М.М. Былыкова
Катчысы – М. Нурмаматова
Катышкандар - ОСМКБнын адистери жана ОМК мүчөлөрү (катышуу барагы тиркелет)

**Күн тартиби:**

1. ОшМУнун ПО курамынын жылдык рейтингинин жүрүшү тууралуу (ОСМКБ жана ОМК мүчөлөрү)
2. Окуу, өндүрүштүк практикалардын программаларынын (силлабустарынын) сапатын анализдөө (ОМК мүчөлөрү)
3. Студенттердин китеп (электрондук) фонду менен камсыздалуусуна, ПО курам тарабынан жазылган китептер, окуу-усулдук колдонмолордун пайдаланылышына жана окурмандардын электрондук ресурстарды колдоно билүүсүнө, тейлөөнүн сапатына мониторинг жүргүзүү. (Орозбаев А.)
4. Казак улуттук кыздар педагогикалык университетине сапат менеджменти боюнча тажрыйба алмашуу боюнча иш сапары тууралуу маалымат.
(М. Нурмаматова)

Ар түрдүү маселелер

**1. Угулду**: Былыкова М.М. - Саламатсыздарбы, урматтуу кесиптештер? Отурумдун 1-маселеси боюнча сиздерге сөз берерден мурда, университет боюнча 3073 профессордук-окутуучулук курамдан 452 гана окутуучу рейтинг боюнча жеке баракчаларын толтургандыгы маалым болду. Бул өтө аз көрсөткүч. Учурдагы эң орчундуу маселелеге кайрылбай кетсек болбойт. Ошондуктан да 1-маселе катары карап атканыбыз орундуу. Түзүмдөрдө рейтинг толтуруу кандай жүрүп жатат? Кандай маселелер чыгып атат? Түшүндүрүү иштерин жүргүзүп жатасыздарбы? Ошол боюнча талкуу кылалы.

**1.Сөзгө чыкты:** К. Абылкасым уулу – Илимий иштерге өтө эле аз балл берилип калгандай 0,5-0,3 дегендер бар экен.

**Былыкова М.М.** – Бул бизге чейин эле илим, инновация бөлүмүндө каралып келген. Кайра оңдоого болбойт деп жооп беришкен.

**1.Сөзгө чыкты:** Раимова Г. – ачык сабактардын ссылкасы татаал болуп калды. Университеттик деңгээлдеги ачык сабактар гана кирип калды. Ушуга кандай жооп берсек болот?

**Былыкова М.М.** – Ачык сабактар сиздердин жекече иш планыңыздарда көрсөтүлгөн, милдеттүү түрдө график боюнча өтүлө турган сабактар. Ошондуктан градацияга кирген эмес. Ошентип түшүндүрүңүздөр.

**1.Сөзгө чыкты**: - Киргизбаева Т. – Facebook ж.б. ссылкалары жарабайт деп атышат го?

**Былыкова М.М.** – Ал жарабайт. Расмий сайтка жайгаштырылгандар гана иштейт. Бир жыл иштедик. Талкууга бардык түзүмдөргө жөнөтүлүп аткан. Сунуш бергендер да болгон. Университет боюнча талкуу жүрдү. Жобо менен гана иш алып барыңыздар.

**1.Сөзгө чыкты:** Т. Абдыкаарова – Студенттерге балл койгондо межфактын окутуучулары адашып атышат. Түшүнүшпөй 25 балл коюп алгандар болуп атат.

**Былыкова М.М.** – Сиздерди тейлеген кафедранын окутуучуларынын документациясына сиздер жооптуусуздар. Факультеттин спецификасына карап иштөөнү, негизги программаны негиз кылып иштөөнү үйрөтүнүздөр. Талап кылыңыздар.

**1.Сөзгө чыкты**: Мамазияева Э. – Группаларга кайра-кайра таштайбыз. Жоболорду окуп талкуулаш үчүн. Бирок ачып окуп да коюшпайт.

**Былыкова М.М.** – Директор окубаса, анда сиз окуп түшүндүрүңүз. Талкуулабаса, уюштуруңуз. Рейтинг боюнча ишти колго алып, аны толтурууну көзөмөлдөңүздөр. Сиздер бардык жерде барсыздар. Верификациялайсыздар. Ошон үчүн четте турбай аракет кылып, ийне-жибине чейин түшүнүп алыңыздар.

**1.Сөзгө чыкты**: Базиева А.М. – Бизде рейтингди толтуруунун графигин жылдырса болобу деген суроолор болуп атат. Бизде сабак кызуу жүрүп аткан учур.

**Былыкова М.М**. – Аны айта албайм. Бирок жылдырган күндө да ушул абал кайталанып калышы мүмкүн. Ошондуктан биздин бөлүмдүн түзүмдөрдөгү өкүлү катары ушул ишти колго алып, ПО курамдын жеке баракчаларын толтуруусуна көмөк көрсөтүңүздөр. Кесиптештердин ар кандай суроолоруна жооп берүүгө даяр болуп өзүңүздөр жобо менен таанышып алыңыздар. Ссылканы кайра таштап коёлу. Биздин бөлүмгө чейин келип, телефон чалып сурап аткандар болуп атат. Биз да убактыбыз болуп калса жооп берүүгө аракет кылып атабыз.

https://base.oshsu.kg/resurs/document/PDF-20250602075929-struc_osmkb.pdf

1-маселе боюнча түшүнүктүү болсо, ОшМУнун түзүмдөрүндө ПО курамынын жыллык рейтингинин жүрүшүнө ОМК мүчөлөрү көзөмөлдөсүн деп чечим чыгаралы. Добуш берип коюңуздар. Рахмат.

**2. Угулду**: Былыкова М.М. - ОшМУнун түзүмдөрүндө практика жүргүзүүнүн сапаты боюнча иш алып баруу деп иш планга киргизген элек. Иш процессинде бир нече педагогикалык адистиктердин практикаларынын жүрүшүн текшерүүгө катышып калдык. Абал ар түрдүү болуп чыккан. Ошондой маселелер башка түзүмдөрдө кандай жүрүп жаткандыгына жана ал практикалардын документацияларынын абалы кандай экендигине мониторинг жүргүзүшүбүз керек. Ошон үчүн сиздерге сөз берели. *(Түзүмдөрдүн ОМК төрага/төрайымдарынын билдирүүлөрү электрондук түрдө тиркелет.)*

**2.Сөзгө чыкты:** К. Дүйшөналы к. – Биздин адистикте адаптациялык-педагогикалык, кесиптик-базалык, кесиптик-профилдик, спорттук багыттоо жана туризм (сбор) практикасы бар. Окуу жылдын башында ушул өзгөчөлүктөргө ылайык силлабус түзүп, ОМКга тиркеш керектигин айтып жеткире албадым эле. Акырындан көнүп, аккредитациядан өтүү алдындагы текшерүүлөрдөн кийин аткарып калышты. Буюрса, кийинки окуу-жылына баары так болуп калат.

**2.Сөзгө чыкты:** А. Узакбаева – Албетте, практикаларга сааттар бөлүнүп, айлык эсептелип аткандан кийин, муну өз деңгээлинде аткаруу зарыл. Бизде практиканын ишине мен дайыма аралашам, документтерине, силлабустарына, кол коюп берем. Стейхолдерлер менен иш жөнгө салынып, практиканын түрлөрү өз деңгээлинде өтөт. Ар бир практиканын түрү боюнча белгилүү ишканалар менен келишим түзүлүп, графиктер боюнча өтүшөт.

**Былыкова М.М.**: Практика боюнча маселе, дагы эле актуалдуу боюнча калууда. Ар бир адистиктер боюнча табиятына ылайык түрдүүчө аткарылып атыптыр. Педагогикалык багыттагы практикалардын сапатына да көбүрөөк көңүл буруу шарт. Практиканы тажрыйбалуу окутуучуларга бөлүнүшүн, практиканын силлабусун карoo сиздерге жүктөлсүн. Эмесе, бул маселени практика боюнча ОМК төрага/төрайымдардын билдирүүлөрү эске алынсын жана документацияларын жакшыртуу ОМК төрага/төрайымдарына жүктөлсүн деп жыйынтык чыгаралы. Добуш берип коюңуздар. Рахмат.

**3. Угулду**: Былыкова М.М. – Бөлүмдүн ишине башынан эле окуу-усулдук адабияттарды басып чыгарууга, аны редакциялык коллегияда каралуусуна жана ага ылайык окуу-усулдук адабияттар менен камсыз болуусуна карата мониторинг жүргүзө турган ОшМУнун китепканасы менен да иш алып барып жүрөбүз. Ошондуктан сиздердин назарыңыздарга студенттердин китеп (электрондук) фонду менен камсыздалуусуна, ПО курам тарабынан жазылган китептер, окуу-усулдук колдонмолордун пайдаланылышына жана окурмандардын электрондук ресурстарды колдоно билүүсүнө, тейлөөнүн сапатына мониторинг жүргүзүү тууралуу маселеге жооптуу илимий китепкананын китепти комплекттөө жана сактоо бөлүмүнүн башчысы Козубай кызы Гулшайырга берели.

**Баяндамачы** Козубай кызы Гулшайыр "Илимий китепкананын 2019-2025-жылдарда ОшМУнун окутуучуларынын кабыл алынган китептердин пайдалануу көрсөткүчтөрү" деген темадагы слайдды презентациялады. (Тиркелет)

**3.Сөзгө чыкты:** Базиева А. – Кечиресиз, 2022-жылы 720 китеп сатылып алынган болсо, алар 3 жылдан бери окулбаган болсо, кандай спрос болот? Мониторинг жалпы берилип жатат көрүнөт.

**Былыкова М.М.** – Бөлүм ачылгандан бери китепкана менен тыгыз иш алып баратабыз. Суроолор көп. Сунуштар да бар. "Окуу басылмалар боюнча" жобону чогуу иштеп чыкканбыз. Финансы-каржылоо бөлүмү, китепкана жана биздин бөлүм тарабынан китеп сатып алуу маселелеси да каралган. Бул иш быйылкы окуу жылынан башталды. Эми сиздер да ушул маселеге олуттуу карап, китеп чыгаруу тууралуу өзүңүздөр да методкеңеште карап, протоколдорду берип атасыздар. Ошого кайсы китеп өтө актуалдуу экендигине, басылып чыккан китептердин окумдуулугуна карата да иш алып барышыңыздар керек болуп жатат. Эмне үчүн окулбай аткандыгына анализ жасап бересиздер.

Анда, китепти комплекттөө жана сактоо бөлүмүнүн башчысы Г. Козубай кызынын маалыматы эске алынсын жана түзүмдөрдөгү окуу-усулдук адабияттарга анализ жүргүзүү ОМК мүчөлөрүнө милдеттендирилсин деп жыйынтыктайлы. Добуш берип коюңуздар. Рахмат.

**4.Угулду:** Былыкова М.М. - Казак улуттук кыздар педагогикалык университетине сапат менеджменти боюнча тажрыйба алмашуу боюнча иш сапары тууралуу маалымат берүү үчүн М.Т. Нурмаматовага сөз берели.

**Баяндамачы Нурмаматова М.Т.** - ОшМУнун окутуунун сапаты жана методикалык камсыздоо бөлүмүнүн башчысы М. М. Былыкова, башкы адиси М. Б. Розыкова, методист-координаторлору Г. Т. Жээнбекова жана М. Т. Нурмаматовалар 2025-жылдын 20-майынан 23-майына чейин Казакстандын Алма-Ата шаарында иш сапарында болду. Академиялык иштер боюнча проректор Блажанова Кымбат Макетаевнанын жетекчилигинде Казак улуттук кыздар педагогикалык университетинде билим берүүнүн жана методикалык практиканын сапатын камсыз кылуу системасы боюнча тегерек стол өттү. Тегерек столдо ОшМУда жана КазУКПУда окутуунун методикасы жана сапаты боюнча тажрыйба алмашуу, ой бөлүшүүлөр жана суроо-жооптор менен коштолгон талкуу жүрдү. Ошондой эле ОшМУ менен КазУКПУнун ортосунда ар тараптуу байланышты чыңдоо жана студенттердин академиялык мобилдүүлүгүн өнүктүрүү ж.б. маселелер каралды. Андан соң Кампус боюнча тур уюштурулуп - "Ак тумар" музейине. Арт галереяга, физика, биология боюнча лабораторияларга жана китепканага экскурсия жасашты.

Академиялык сапатты камсыздоо бөлүмүнүн башчысы Иманбалина Асель Казыбековна өзүнүн ишмердиги тууралуу кенен баяндама жасап, сапатты камсыздоодогу жетишкендиктери жана ийгиликтери менен ой бөлүштү. Академиялык программаларды иштеп чыгуу бөлүмүндө да пайдалуу маек уланды.

Квалификацияны жогорулатуу жана кошумча билим берүү борборунун директору Хамзина Камеш Умаровна менен да келечекте биргелешип иш алып баруу тууралуу бир топ иш-чаралар талкууланды.

Натыйжада, ОСМКБнын кызматкерлеринин Казакстандын Казак улуттук кыздар педагогикалык университетине болгон иш сапары иштиктүү жана жемиштүү болду. (слайд тиркелет)

Жыйынтыгында, М.Т. Нурмаматованын билдирүүсү эске алынсын жана кызматташуу иши улантылсын деп чечим чыгаралы.

Ар түрдүү маселелер боюнча, редколлегиянын ишин М.Б. Розыковага сөз берели.

**Розыкова М.Б.** - Адаттагыдай эле май айында редколлегияда 14 иш каралып, 14 өттү. Сиздердин назарыңыздарга ар бир ишти коем. Араңыздарда редколлегиянын мүчөлөрү бар, алар да карап беришти. (Реестр тиркелет) (Редколлегиядан өткөн 14 эмгекти ОМК мүчөлөрү бир добуштан колдоп беришти). Кесиптешибиз А.С. Узакбаеванын да эмгегине оң баа берилип, сунушталды. Куттуктап койсок да болот.

**Былыкова М.М.** – Анда, добушуңуздарга коёбуз. Баары – макул. Рахмат.

**Токтом кылынды:**

1. ОшМУнун ПО курамынын жылдык рейтингинин жүрүшүн көзөмөлдөө ОМК төрага/төрайымдарына милдеттендирилсин.
2. Окуу, өндүрүштүк практикалардын программаларынын (силлабустарынын) сапатын жакшыртуу ОСМКБ жана ОМК төрага/төрайымдарына жүктөлсүн.
3. Студенттердин китеп (электрондук) фонду менен камсыздалуусуна, ПО курам тарабынан жазылган китептер, окуу-усулдук колдонмолордун пайдаланылышына жана окурмандардын электрондук ресурстарды колдоно билүүсүнө, тейлөөнүн сапатына мониторинг жүргүзүү тууралуу Г. Козубай кызынын билдирүүсү эске алынсын жана түзүмдөрдө окуу басылмаларынын окумдуулугуна анализ жүргүзүү ОСМКБ жана ОМК төрага/төрайымдарына милдеттендирилсин.
4. Казак улуттук кыздар педагогикалык университетине сапат менеджменти боюнча тажрыйба алмашуу боюнча иш сапары тууралуу М. Нурмаматованын маалыматы эске алынсын жана кызматташуу улантылсын.
5. Окуу-усулдук адабияттарды басмага сунуштоо боюнча М.Б. Розыкованын билдирүүсү эске алынсын жана Окумуштуулар кеңешине сунушталсын.

Төраганын орун басары: М. Былыкова

Катчы: М. Нурмаматова

28.05.2025
№9 отуруму

**ОСМКБнын жана окуу-методикалык кеңештин жамааты**

| № | Аты-жөнү | Институттар | Телефон № | Колу |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Былыкова Махабат Максатовна | Бөлүм башчы | 0558242322 | |
| 2. | Розыкова Мавлюда Баратовна | Башкы адис | 0550772563 | |
| 3. | Жээнбекова Гульмира Токтомаматовна | Методист-координатор | 0558898980 | |
| 4. | Нурмаматова Мейликан Тагайбековна | Методист-координатор | 0772077000 | |
| 5. | Камалова Айнура Ырысбаевна | Адис | 0550435735 | |
| 6. | Бакытбек кызы Аэлита | Оператор | 0553 43 43 04 | |
| 7. | Абдусатар кызы Ширинай | Инспектор | 0222 009 205 | |
| 8<br>9.<br>10. | ~~Маматова Асылкан Алтыбаевна~~<br>Мирзакметова Орозбүбү<br>Раимова Гульзада Суйуновна | Филология жана маданияттар аралык коммуникациялар | 0772 68 86 32<br>0755 09 35 15<br>0773 500 076 | |
| 11. | Ярматов Маматкадыр Осмонович | ТТДТТАТ институту | 0774 71 75 62 | |
| 12. | Дүйшөналы к Канымбү | | 0777 15 13 20 | |
| . | Турсунбаева Айнура Турдубековна | Медицина факультети | 0777 56 23 68 | |
| 14<br>15 | Таабалдиева Атыргүл Кичиковна<br>Мамазаиров Мирлан Латипович | Педагогика, искусство жана журналистика институту | 0773 16 24 74<br>0990 28 00 16 | |
| 16 | Орозбаева Бактыкан Атантаевна | Тарых жана юридика институту | 0770357446 | |
| 17. | Базиева Алия Мансуровна | Эл аралык медицина факультети | 0550 40 06 04 | |
| 18. | Мамазиаева Эльмира Амановна | МФТИТ институту | 0773 44 30 16 | |
| 19. | Узакбаева Айнура Садыковна | Экономика, бизнес жана менеджмент | 0773 60 44 33 | |
| 20. | Адылбек кызы Айсулуу | Теология факультети | 0552 78 98 68 | |
| 21. | Абдыкаарова Турдукан Момуновна | Кыргыз-кытай факультети | 0773 78 24 88 | |
| 22. | Парпиева Айсулуу Абдижалаловна | ЭАББПЖМ | 0773 06 46 02 | |
| 23. | Абылкасым уулу Канатбек | Чыгыш таануу институту | 0777 35 85 27 | |
| 24. | Шамшиева Нургүл Кубатбековна | Ош медициналык колледжи | 0778 59 11 37 | |
| 25. | Кыдыкова Айпери | Өзгөн медициналык колледжи | 0773 61 16 83 | |
| 26. | Раимбердиева Жаннат Курманбековна | ФЮК | 0771 03 08 78 | |
| 27. | Шаимкулова Өмүркан Раимбердиевна | ИПК | 0755 55 42 56 | |
| 28. | Киргизбаева Токтайым | ЭАББП колледжи | 0553 03 93 16 | |
| 29. | Маликова Наргиза Пайзилдаевна | STEM колледжи | 0779 25 20 85 | |

Хозубай кызы Г. Читепкана 0778868274